Бекитемин.

Мектеп директору ________

Карымшаков М.Ж

«_6_» ___09___ 2022-ж

**У.Мурзакматов атындагы Шапак жалпы орто билим берүү мектебинин**

**Физикалык коопсуздук эрежелери.**

1.1 Бул берилген нускамалардын сакталышы боюнча иштерди жүргүзү физика сабагынан берген мугалимдердин жоопкерчилигине коюлат.

1.2 Окуучуларга томФнку иштерге катышууга тыю салынат:

Мугалимдин уруксатысыз приборлорду ордунан жылдырууга;

Телефон жана башка кунумдук электр приборлорун заряддоо учун розеткаларга Туташтырууга,

Мугалимдин уруксаты жок интерактивдуу панелди колдонууга;

Лоборотoриялык бөлмөгө кирүүго;

1..3 Сабактын башталышындагы окуучулардын милдеттери:

*кабинетке мугалимдердин уруксаты менен кирүү;

*өзүнүн ордуна отуруу;

Мугалимдин уруксатысыз электр жабдууларын күйгүзбөө;

Зарыл учурда электр розеткаларын колдонууда этият болуу;

1.4 Сабактын жүрүшүндө окуучуларга тыю салынат:

*Нымдалган кол жана кийим менен иштөөгө:

*Мугалимдин көрсөтмөсүнөн сырткары иш аткарууга;

*Өз алдынча электр жабдуларын колдонууга;

* Өз алдынча бузулган же иштен чыккан техниканы ондоого;

1.5 Сабак аяктагандагы окуучунун милдеттери:

*Электр жабдыктарын ток булагынан ажыратуу;

*Иштөө орундарын иретке келтирип, мугалимдин уруксатысыз чыгып кетпөө

2. Кооптуу учурлардын жаралышынын алдын алуу боюнча талаптар:

* Физика кабинетине баардык окуучулар техникалык коопсуздук боюнча атайын инструктаж менен таанышууга милдеттүү;

*Физика кабинетине окуучулар журум- турум эрежелерин, эмгек эс алуу нормаларын, мугалимдин көрсөтмөлөрүн туура жана так сактоого тийиш;

*Кабинетте окуучуларга терс жана зыяндуу таасирин тийгизүүчү факторлор болбоосу керек.(Мб өткөргүчтөрдүн ачык жерлери, курч жана өткүр буюмдар ж.6.}

*Кабинетте окуучулар жаракат алса, өзүн жаман сезсе алгачкы медициналык жардам көрсөтүү үчүн керектүү болгон медикаметтер менен толукталган медициналык аптечка болууга тийиш.

*Окуу кабинетиндеги тазалык, окуучунун өздүк гигиенасы, класстын санитардык гигиеналык нормалары сакталышы зарыл.

*Кабинетте өрт коопсуздугунун эрежелери, өрт коопсуздугуна каршы өрт өчүргүч {огнетушитель) болуш керек.

*Лобороториялык иштерди аткарып жатканда кандайдыр бир жыт, үн, жаркыроолор байкалса дароо мугалимге билдирилиши керек .

*Окуучулар арасында тартип бузуулар болсо коопсуздук эрежелери туура, так аткарылбаса плансыз кайра инструктаж өтүлүүсү зарыл.

3. Физика кабинетинде кооптуу абалдардын таасир этишин болтурбоого же азайтууга карата төмөнкүдөй каражаттар болуусу шарт .

*Мугалимдин санитардык гигиеналык жана техникалык коопсуздук сактоого ылайык атайын кийимдердин болуусу;

*Физика кабинетинин аянттары 66м.кв кем болбоосу.

*Физика кабинетинде суу түтүгү аркылуу муздак жана жылуу суунун болушу

*Кабинеттерде техникалык коопсуздук ченемдеринин сакталышы боюнча каттоочу журналдардын сакталышы боюнча журналдардын болушу;

*Физика кабинетинде аптечкалардын болушу;

4. Физика кабинетиндеги (лоборотория) аптечкалардагы медикаменттердин тизмеси:

1.Бинт;

2, Вата;

3. Медициналык кайчы;

4, 3-5%түү {спирттелген) йод тундурмасы

5. Күйүккө колдонулуучу мазь

6. 2%түү бор кислотасынын аралашмасы

7. Нашатырдык спирт.

8. Бор вазелин;

9.Калий тузу.